КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
ҮЧ-КОРГОН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ АЙМАК ҮЧ-КОРГОНСКОГО
АЙЫЛНОГО КЕНЕША

**Үч-Коргон айылдык кеңешинин кезектеги XX сессиясы**

# ТОКТОМ

2026-жылдын 18-август №01-06/34 Үч-Коргон айылы

**Үч-Коргон айыл аймагындагы ички чарбалык сугат каналдарын жана 1-2-ирээттеги каналдарды Кадамжай райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүү жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 1995-жылдын 7-июлундагы №271 токтомуна жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29 апрелиндеги №207 токтомуна ылайык, Үч-Коргон айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Үч-Коргон айыл аймагынан ички чарбалык сугат 33,145м каналдары жана 2-ирээттеги канал 32,525 болуп, жалпы 65,67м ички чарбалык сугат каналдарды Кадамжай райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Токтомдун негизинде керектүү болгон иш кагаздарын даярдап берүү жагы айыл өкмөт башчысына жүктөлсүн.
3. Бул токтом Үч-Коргон айыл өкмөтүнүн расмий uchkorgon.gov.kg. веб-сайтында жарыялансын.
4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңешинин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Д.Ахуновага милдеттендирилсин.
5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы “Агрардык жана айыл чарба” боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **Б.Бердибеков**